БЕКИТЕМ
Директор
Исанова Ж.М.
12.09 2019-жыл

**Көзөмөлчүлүк ( камкорчулук) Кеңеши жөнүндө**
**ЖОБО**

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын 30.04. 2003 ж.№92 38- 39- беренесине , 30.05. 2014-ж № 81 Көзөмөлчүлүк Кеңеши жөнүндөгү мыйзамынын 1- беренечинин талаптарына ылайык.

1. Мектепте башкаруу демократиялуулук, борборлоштуруудан окчундоо, өз алдынчалуулук жана өз алдынча башкаруу принцибинде курулат.

2. Жалпы чогулуш көзөмөлчүлүгү же **Көзөмөлчүлүк Кеңеши** мектептин өз алдынча башкаруунун формасы болуп саналат.

3. **Көзөмөлчүлүк кеңеши** – юридикалык статуска ээ эмес, көзөмөлчүлүк тууралуу Мыйзамда белгиленген тартипте түзүлүүчү, мугалимдерге жана окуучуларга социалдык кызматтарды көрсөтүүчү муниципалдык мекемелерди( мектепти) тең башкаруучу орган.

4. Социалдык кызматтарды көрсөтүү- мугалимдерге жана окуучуларга мектеп жана көзөмөлчүлүк кеңеш тарабынан билим берүүнү жакшыртууга багытында көрсөтүлүүчү кызмат болуп саналат.

5.Мектепте башка мектепти башкаруу түзүмдөрү ( педкеңеш, УБ ж.б. мнен бирге) Көзөмөлчүлүк, профилактикалык ж.б. кеңештер түзүлөт.

6. Мектептин ишинин негизги багыттарына ылайык келген көзөмөлчүлүк кеңеши ж.б. коомдук уюмдар менен болгон өз ара мамилелер келишим негизинде жөнгө салынат.

7. Мектептин көзөмөлчүлүк кеңеши өз ишин №87 жалпы орто билим берүү мектеби тарабынан түзүлгөн уставдык максаттарына жетүүсү үчүн жүзөгө ашырат.( КР 2011- жылдын 29- декабрындагы №255, 2014- жылдын 30- майындагы №82 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)

8. Көзөмөлчүлүк кеңеши мыйзам тарабынан тыйуу салынбаган, уюмдун уставында аныкталган максаттарга жана милдеттерге каршы келбеген ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрү менен алектенүүгө укуктуу.

9. Мектептин көзөмөлчүлүк кеңештери гана КРнын мыйзамдарына каршы келбеген жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу тогумдорунон жана кайрымдуулуктарынан, башка түшүүлордөн түзүлгөн финансылык жана башка ыктыярдуу негизде тартыны мүмкүн.

10. Мектептин ишин камсыз кылуу, билим сапатын жакшыртуу максатында, өнүктүрүү жана материалдык- техникалык базасын чыңдоо үчүн көзөмөлчүлүк кеңеши донорлорду( инвесторлорду, меценаттарды), финансылык жана башка материалдык каражаттарды издөөнү жана тартууну жүзөгө ашырат жана бул тууралуу андан ары келип түшкөн финансылык жана башка материалдык каражаттар, аларды сарптоо тууралуу милдеттүү отчет менен жалпыга маалымдоо каражаттарына ж.б. жолдор аркылуу жарыялоого укуктуу.

11. Мектепке финансылык ж.б. материалдык жардам көрсөтүүлөр тууралуу окуучулардын ата-энелери үчүн маалыматтар, кирешелер жана чыгашалар тууралуу отчеттор көрүнүктүү жана жалпыга жеткиликтүү жерлерине жайгаштырылыш керек.

12. Эгерде Көзөмөл кеңешинин жардамы менен ата-энелерден акча чогултулуп фонд түзүлө турган болсо, ден- соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдардан, анын ичинде ден- соолугунунмүмкүнчлүгү чектелген ата- энелерден, ошондой эле жетим балдардын ата-энелеринен же алардын ордун басуучулардан финансы каражаттары чогултулбайт.

13. Көзөмөлчүлүк кеңеш тарабынан мектеп үчүн тартылган финансылык каражаттар атайн казыналык эсепке чегерилет жана мектептин көзөмөлчүлүк кеңешинин чечими менен максаттуу пайдаланылат.

14.Көзөмөлчүлүк кеңештин төрагасы ( төрайымы) келип түшкөн финансылык жана материалдык каражаттар жана алардын сарпталышы тууралуу отчет беришет.

15. Мектептин көзөмөл кеңешинин курамы 11 кишиден түзүлөт жана алар ата-энелердин жалпы чогулушунда шайланат.

МАКУЛДАШЫЛДЫ

№87 орто мектебинин

директору Исанова Ж.М

«10» 11 2019-жыл

БЕКИТЕМИН

Козомол кеңешинин

торагасы Адранов Т

«10» 11 2019-жыл

## №87 орто мектебинин Көзөмол кецешинин иш планы

## 2019-2020-окуу жылы

| № | аткарылуучу иштер | мөөнөтү | жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | 1.2018-2019- окуу жылында окуу-тарбия иштеринин аткарылышынын анализи.<br>2019-2020-окуу жылына карата мектептин даярдыгы<br>2. 2019- окуу жылында жай ичинде мектептин ички жана тышкы оңдоп түзөө иш аракеттеринин отчету<br>3. Көзөмөл кеңешинин өздүк курамын шайлоо<br>4. Көзөмөл кеңешинин бир жылдык планын түзүү, бекиттирүү | сентябрь | мектеп администрациясы, Көзөмөл кеңешинин мүчөлөрү |
| 2 | 1. Өз ыктыяры менен келип түшкөн акча каражаттарын, кеңсе бумдары жана окуу китептерин эсепке алуу<br>2. Демөөрчүлүк кылган ата-энелерди жана коомдук бирикмелдерди тизмеге алуу<br>3. Жашоо шарты начар жана колдоого муктаж болгон окуучуларды тактоо<br>4. Социалдык педагог менен биргеликте турмуш шарты оор | октябрь<br>ноябрь | Көзөмөл кеңешинин мүчөлөрү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | окуучулардын ата-энелерине психикалык-моралдык жактан колдоо көрсөтүү<br>5. Көзөмөл кеңешинин жыйналышы | | |
| 3 | 1.Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоого карата финансылык колдоо көрсөтүүчү коомдук уюмдарды тартуу<br>2.Окуучулардын коопсуздугун жана өмүрүн коргоо максатында уюшкандыкта жардам көрсөтүү акциясын уюштуруу<br>3. Мектептин айланасында жашылдандыруу жана профилактикалык тазалоо иштерин уюштуруу<br>4. Көзөмөл кеңешинин жыйналышын өткөрүү | январь<br>февраль<br>март | Көзөмөл кеңешинин мүчөлөрү |
| 4 | 1 Жыл ичинде колдоо көрсөткөн тараптар туурасында мектетин педагогикалык жамаатына маалымдоо<br>2. Өз ыктыяры менен келип түшкөн каражаттар туурасына отчет берүү | май | Көзөмөл кеңешинин мүчөлөрү |
| | 1.Көзөмөл кеңешинин аткарган иштеринин анализи<br>2. Көзөмөл кеңешинин чогулушу | июнь | Көзөмөл кеңешинин төрагасы, мүчөлөрү |

**№ 87 орто мектебинин көзөмөлдөө кеңешинин чогулушунун протоколу №1**

**12.11.2019**

Катышты: 11

**Күн тартибинде :**

1. Көзмөлөдөө кеңешинин өздүк курамын кайра шайлоо
2. 2018-2019-окуу жылындагы сметанын аткарылышын анализдөө.2019-2020- окуу жылына карата сметаны карап чыгуу жана бекитүү.

**Угулду:**

Күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча Адранов Т **маалымдоосу:**

Көзөмөл кеңеши №87 орто мектебинде 2013-2014- окуу жылынан тартып иш жүргүзүп келет. Көзөмөл кеңешинин негизги максаты бул-билим берүү уюмунун уставдык функцияларын ишке ашыруу, материалдык- техникалык жана окуу базасын чыңдоого багытталган. Көзөмөл кеңешинин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет.

-демөөрчүлүк жардамдарды жана гранттарды максаттуу жана рационалдуу пайдаланууну көзөмөлдөөнү камсыз кылуу;

-жалпы билим берүү уюмунун материалдык-техникалык жана окуу базасын чыңдоого, жакшыртууга, анын айлана-тегрегин жана имаратын көрктөндүрүүгө көмөк көрсөтүү;

-билим берүү процессин ишке ашыруу үчүн шарттарды жакшыртууга, окуучулардын өмүрүн жана ден соолугун көргөөгө көмөктөшүү;

-окуучулардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо;

Көзөмөл кеңешинин өздүк курамы 3 жылдык мөөнөткө, кеңештин мүчөлөрүнүн көпчүлүк жобушу менен төарагысы 1 жылга, катчысы 3 жылга шайланат.

Жогорудагы жылдар аралыгында Көзөмөл кеңеши мектепке материалдык жана моралдык жактан колдоо көрсөтүп, алгылыктуу иштерди аткарууга көмөк көрсөтүштү. Өз ыктыяры менен жана демөөрчүлүк кылган ата-энелердин жардамдарына окуучулар үчүн кийим кечектер, кеңсе буюмдары , адабий окуу китептери келип түшүп, турмуш шарты оор окуучуларга өз учурунда таркатылып берилди. Көзөмөл кеңешинин мүчөлөрү ар бир айда белгиленген мөөнөттө жолугушууларды өткөрүп, мектептин ички турмушуна жигердүү аралашуу менен уюшкандыкта иш алып барышты.

Майрам күндөрү жана каникул учурларында окуучулардын өмүрүн жана ден соолугун коргоо максатында биргелешкен команда түзүү менен класс жетекчилерге көмөк көрсөтүшүп, ата-энелерге балдарынын коопсуздуктары туурасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү.

Мектеп үчүн колдон келген жардамдарын аябастан колдоо көрсөтүп келе жаткан ата-энелерге ыраазычылык билдирүү менен бирге өзгөчө Көзөмөл кеңешинин мүчөлөрүнө ыраазычылык билдирем.

**Жарыш созго: Турдалиева Айнура- козомол кеңешинин мүчөсү**

Камкордук коргү кеңешине торагалык кылып келген Адранов Талантка чоң ишенич артуу менен бирге кийинки жылдарга карата кайрадан аталган инсандын талапкерлигин корсотом. Ал эми катчылыкка Мурзалиева Н.Э сунуштайм.

**Жарыш созго: Курманбаев Улан- камкордук коргү кеңешинин мүчөсү**

Камкордук көрүү кеңеши түзүлгөндөн бери ага мүчөлүк кызматты аркалап келем. Бул жылдар аралыгында мектептин турмушу менен жакындан таанышып, окуучуларга адеп-ахлактык, моралдык-психикалык тарбия берүүдө зор күч -кубат керектелерине ынандым. Өз ыкытыяры менен колдоо көрсөткөн ата-энелерибиздин көпчүлгү кеңсе буюмдарын, кийим кечектерди тартуулашты. Мектептин ички көйгөйүнө аралашып калган инсан катары кийинки жылдарга мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоого көмөк көрсөтсөк деген ойдомун. Ушул жылдар аралыгында бизге төрагалык кылып келген Адранов Таланттын калыс жана чынчыл сапаттарын баса белгилөө менен төрагалык кызматты аркалоосун улантууну толук колдойм.

Күн тартибиндеги экинчи маселе боюнча **: Аданов М- Көзөмөл кеңешинин мүчөсүнүн маалымдоосу:**

2018-2019-окуу жылында мектеп турмушуна керектелүүчү каражаттардын сметасы толугу менен аткарылып, мектепктин материалдык-техникалык базасын чыңдоого чоң салым кошо алды. Мисалы; №4 окуу кибенитинин терезелери рол терезе жапкычтары менен корголуп, №23 жана №6 окуу кабинеттери заманбап интерактивдүү системалар менен жабдылды. Майрамдык кечелерди уюштурууга керектелүүчү мультимедиялык үн күчөтүүчү аппараттары жана санитардык -гигиеналык норманы сактоого -карата жуучу тазалоочу каражаттар алынып, мектеп жылы бою күнү-түзү күзөт кызматткерлеринин кызматына алынды. Демек, «Алгыр-куш» коомдук бирикмесини чогултулган акча каражаттары максаттуу пайдаланылганын көрүүгө болот.

Мектеп администрациясы 2019- 2020-окуу жылына карата да мектептин күнүмдүк турмуша керектелүүчү каражаттардын сметасын түзүп, анда бир нече пайдаланууга муктаж болгон каражаттардын тизмеси көрсөтүлгөн. Бул смета «Алгыр-Куш» коомдук бирикмесинде талкууланып, бекитилген. Сметадан заманбап техникалык жабдыктардан тартып, майда барат керектелүүчү каражаттарга чейин так, далилдүү көрсөтүлүп, бүгүнкү баа менен эсеби чыгарылган. Андыктан 2019-2020-окуу жылына карата түзүлгөн смета канаатандыраарлык деп эсептейм.

Чечим:

1. Камкордук көрүү кеңешинин төрагасы болуп Адранов Т калтырылсын.
2. 2019-2020-окуу жылына карата түзүлгөн смета канаатандырарлык деп таблысын жана Көзөмөл кеңеши тарабынан бекитилип берилсин.

**Свердлов районуна караштуу №87 орто мектебинин Көзөмөлдөө кеңешинин отурумунун**
**№4 протоколу**

Өтүлгөн убактысы: 17.07.2019
Отурумдун башталышы: $9^{00}$
Отурумдун бүтүшү: $10^{20}$
Көзөмөлдөө кеңешинин төрагасы: Адыранов Т.Т.
Катышышты: Көзөмөлдөө кеңешинин мүчөлөрү, мектеп администрациясы

**Күн тартибинде**

1. Долбоорду каржылоонун формасын тандоо жөнүндө

1-маселе боюнча №87 орто мектебинин директору Исанова Ж.М. сөзү: 26-июнь 2019-жылы Көзөмөлдөө кеңеши, мектеп адиминстрациясы , Ага Хан Фондунун өкүлдөрү жана район жетекчилигинин катышуусунда жолугушуу болгондугун маалымдады. Анда долбоорду каржылоонун эки варианты сунуш кылынып, 1- варианты казына аркылуу (атайын эсеп), 2-варианты ассоциация аркылуу каржылоо.

Көзөмөлдөө кеңешинин төрагасы Адыранов Т.Т. ассоциация аркылуу долбоорду каржылоонун жолун тандоону сунуштап, казына аркылуу иш алып барууда акча каражаттары казынага келип түшүп, тендер ойнотулуп дагы ушул сыяктуу жолдорду басып өтө тургандыгына байланыштуу ассоциация аркылуу каржылоо жолу жеңил жана мектептин өз алдынча иш алып баруусуна мүмкүнчүлүктөр бар.

**Чечим:**

Ага Хан Фондунунун долбоорун ишке ашыруу ассоциация аркылуу каржылансын.

Көзөмөлдөө кеңешинин төрагасы: Адыранов Т.Т
Катчы: Мурзалиева Н.Э

## Камкордук көрүү кеңешинин өздүк курамы

| № | Аты, жөнү | кызматы | дареги/телефон номери |
|---|---|---|---|
| 1 | Адранов Талант Токтомушович | Октябрь райондук салык инспекциясы-инспектор | Келечек 3-30<br>0555 27 85 20 |
| 2 | Аданов Масалбек Жумабекович | жеке ишкер | Келечек 14-2<br>7001795 95 |
| 3 | Мырзалиева Нургүл Эсенакуновна | Келечек конушунун малаа башчысы | Келечек 13-3<br>700 44 46 48 |
| 4 | Киркирекова Рыскүл Мырзалиевна | №87 орто мектебинде мугалим | Келечек 15-76<br>0701 10 32 80 |
| 5 | Мусаев Түгөлбай Сагыналиевич | күзөт кызматкери | келечек 5-12<br>0705 42 80 27 |
| 6 | Карасартов Тынай Сабырбекович | ТЭЦ - сантехник | Ак-Жар 31-4<br>708 75 97 15 |
| 7 | Курманбаев Уланбек Токоевич | Ак-Жар конушунун имамы | Жумабеков көчөсү<br>9-3<br>0778 00 10 20 |
| 8 | Алмейизова Асель | үй кожойкеси | Келечек 14-7<br>0703 11 80 30 |
| 9 | Аманова Гүлнара Ражаповна | жеке ишкер | Келечек 15-76 |
| 10 | Турдалиева Айнура | үй кожейкеси | Келечек 2-22<br>077 105626 |

Камкордук коруу кенешинин торагасы [signature] Адранов Т.Т